Мейли досум бактылуу бол, жан досум,
Теңир сенин бактыңды ачып колдосун.
Жакшылыка, жамандыкта ар күнү,
Дайыма жанымда, жанымда дайыма
Ар дайым бирге болгонсуң.
Сапар тартсам алыска мени узатып,
Оюм жетпей акылым келбей баш катып
Келечек мага жарык болуп туюлуп,
Жарык заман ырлары, жарык заман жыргалы
Сырлары мага угулуп.
Ыраазымын сендей досум бар болгонуна,
Дос, душмандар сен мен үчүн арданганыңа.
Жакшы достор эзелтеден жакшы жүрүшкөн.
Жакшылык менен жамандыкта,
Жаман күн менен азаттыкта.
Кыйын күндө бирге журушкөн.
Жарты нанды теңге бөлүшкөн.
Үй-бүлөлүү бололу балабыз келсин,
Аяш ата, аяш апа батасын берсин.
Конок болуп, конок тосуп бактылуу бүлө.
Чакырайын сени, чакырсаңчы мени,
Конок болсом сенин үйүңдө
Ак кой союп кан дос бололу,
Достук күндү белгилеп коелу.
Кудай өмүрдү токсон жаш берсин.
Белгилейли сенин, белгилесек менин
Токсон жашта торколуу тойду.
Келчи досум кан дос бололу
Бүгүнкү күндү белгилеп коелу
Келчи достор чын дос бололу.